İstanbul: Seyran Yayıncılık, 1995, S.70-71.
4. Рахми Каракуш, Felsefe Serüvenimiz (Философиялык окуяларыбыз).- İstanbul: Seyran Yayıncılık,1995, S.180.
5. Хилми Зия Үлкен, Türkiye'de Çağdaş Düşünce Tarihi.(Түркияда заманбап ойлордун тарыхы),-İstanbul: Ülken Yayınları,1998,S.276.

**Рецензент: филос.и.д., профессор Саралаев Н.**

УДК: 574; 57.01(575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-69-74

**Карабукаев Кадыркул Шаршеевич**
КР УИАнын Философия институтунун философия илимдеринин доктору
**Карабукаев Кадыркул Шаршеевич**
д.филос.н., Институт Философии НАН КР
**Karabukaev Kadyrkul Sharsheevich**
Doctor of Philosophical Sciences, Institute of Philosophy of the NAS of the KR
**e-mail:** kkarabukaev@gmail.com

## ЭКОЛОГИЯЛЫК КААДА-САЛТТАРДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТКА ТРАНСФОРМАЦИЯЛАНУУСУ
## ТРАНСФОРМАЦИЯ ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ТРАДИЦИЙ В ЭКОЛОГИЧЕСКУЮ КУЛЬТУРУ
## TRANSFORMATION OF ENVIRONMENTAL TRADITIONS IN ENVIRONMENTAL CULTURE

**Аннотация**: Макалада адамдардын табияттык чөйрө менен болгон туруктуу бирдиктүү иш-аракеттеринин салттуу формалары катары экологиялык каада-салттар каралат. Этноэкологиялык каада-салттар табият менен болгон баарлашууну шайкештике багыттап, ага гумандуу мамиле кылууга үйрөтүү менен табияттык чөйрөгө болгон руханий-нравалык мамилени аныктаган экологиялык маданиятка трансформациялануусуна таасирин тийгизет. Андыктан коомдогу экологиялык маданиятты калыптандырууда, анын мазмуну менен формаларын этноэкологиялык каада-салттардын баалуулуктарын эске алуу менен тандап алуу максатка ылайыктуу.

**Негизги сөздөр**: экологиялык баалуулуктар, этноэкологиялык каада-салт, ырааттуулук, өткөрүп берүү, экологиялык маданият.

**Аннотация**: В статье рассматривается экологические традиции, как традиционные формы устойчивого взаимодействия с природной средой. Отмечено, что экологические традиции способствуют накоплению знаний и опыта общения с природной средой, приучают поступать гуманно по отношению к природе. Указано, что при формировании экологической культуры в обществе, ее содержание и формы целесообразно выбирать с учетом ценностей этно-экологических традиций.

**Ключевые слова**: экологические ценности, этноэкологическая традиция, преемственность, трансляция, экологическая культура.

**Annotation**: The article considers environmental traditions as traditional forms of sustainable interaction with the natural environment. It is noted that environmental traditions contribute to the accumulation of knowledge and experience in communicating with the natural environment, and are taught to act humanely in relation to nature. It is indicated that in the formation of environmental culture in society, it is advisable to choose its content and forms taking into account the values of ethno-ecological traditions.

**Key words:** environmental values, ethno-ecological tradition, continuity, translation, ecological culture.

“Коом-табият” системасынын бирдиктүү иш-аракеттеринин заманбап абалынан көрүнүп тургандай, инсандын, коомдун экологиялык маданиятынын калыптануусу тарыхый калыптанган элдик баалуулуктарсыз, руханий-нравалык өнүгүүсүз эч мүмкүн эмес. Бул жерде кылымдарды карыткан муундардын табияттык чөйрө менен байланышындагы өзүнө тажрыйбаны, жөндөмдөрдү, нормаларды, дүйнө таанымдарды, каада-салттарды, үрп-адаттарды, курчап турган чөйрөсү туурасындагы элестөөлөрдү, анын ичинде жаратылышты пайдаланууну камтыган экологиялык каада-салттарды изилдөө жана жалпылоо маанилүү ролду ойнойт. Алар жашоо ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүн камтышып, конкреттүү коомчулуктун белгилүү бир этномаданияты үчүн уникалдуу, кайталангыс экологиялык түзүүчүсү болуп эсептелет. Ошондуктан бүгүнкү экологиялык кырдаал өткөн доордун социалдык-маданиятын, экологиялык тажрыйбасын сактап, азыркы мезгилге өткөрүп берүүчү этномаданий каада-салттардын мазмунун, эволюциялык мунозун терендеп тушунуп жана ар тараптуу талдоо жүргүзүүнү талап кылат.

Социомаданий өнүгүүдө, өзгөчө социумдардын руханий маданиятынын болмушунда дайыма өткөн менен азыркынын ар кыл принциптердин, идеялардын жана көз караштар системаларынын пайда болуусу жана жоголуусу диалогу болуп турат. Мында салттуу элдик баалуулуктардын (толеранттуулук, каада-салттарга болгон сый-урмат жана инновацияларды кабыл алуу, этикалык багыттуулук, табиятка болгон жакындык, экологиялык ан-сезим ж.б.) сакталуусу азыркы дүйнөлүк цивилизациянын талабы.[1]. Белгилей кетсек, этномаданияттын экологиялык түзүүчүсү б.а. экологиялык каада-салттар социотабияттын бирдиктүү иш-аракетиндеги адамдын, адамдар менен социумдардын болмушунун ыкмасы катары, анын салттуу баалуулуктарынын маныздык-мазмундук аныктуулугу баарынан мурда муундардын ырааттуулугу, реалдуулукту өздөштүрүүдөгү социомаданий тажрыйбаны өткөрүп берүү менен мүнөздөлөт. Буларды эске алуу менен өз кезинде немец философу И.Гердер «тил менен маданият алардын өзөгүндө жаткан үрп-адаттар менен каада-салттардан башталат» деп баса белгилеген [2]. Ошону менен бирге бардык эле улуттук этномаданияттын өзөгү, улуттук рухтун толтосу - бул элдин каада-салттары, андыктан муундардын биримдиги менен ырааттуулугун каада-салттарды өткөрүп берүүнүн белгилүү бир ыкмасы катары аныктоо ылайык.

Белгилүү болгондой адамзаттын өнүгүүсүндө этномаданияттын өзү өзгөрүүлөргө дуушар болот, бирок бардык эле кырдаалда адам же эл белгилүү бир маданий негиздерге, этноэкологиялык каада-салттарга (этностордун экологиялык каада-салттары) болгон жакындык тенденциясын, имманенттуулугун сактап калышат. Ошону менен бирге белгилей кетсек, бардык экологиялык маданияттар үчүн курчап турган чөйрө менен болгон гармониялуу өнүгүүгө болгон багыт жалпы болуп эсептелинет жана жалпы жонунан этностордун салттуу экологиялык маданияттары үчүн мүнөздүү болуп, этноэкологиялык каада-салттар формасында бекип калган. Андыктан этноэкологиялык каада-салттар дүйнө көз

караштык көрсөтмөлөр, таанымдык каражат катары этностун дээрлик бардык өнүгүү мезгилинде адамдын курчап турган чөйрө менен болгон системалуу бирдиктүү иш-аракеттеринин элементи катары өнүккөн. Анын өзгөчөлүгү курчап турган чөйрө туурасындагы салттуу элестөөлөрдү, билимдерди интеграциялоо менен, этномаданийдин мурастуулугу, руханийлуктун озгочо формасы катары адамдын курчап турган чөйрө менен болгон реалдуу коп кырдуу карым-катнашын чагылдырууга мумкундук беруусундө турат. Ушул өнүттөн алып караганда белгилей кетүүчү нерсе, табият чөйрөсү жана алардын баалуулуктары менен болгон туруктуу бирдиктүү иш-аракеттердин байыртадан калыптанып калган салттуу формаларын сактап, азыркы мезгилдеги экологиялык маданиятка трансформациялоо зарылдыгы учурдун талабы. Бул пикирди академик Н. Н. Моисеев да тастыктап, «биз азыр цивилизациялык жолдордун айрылышында турабыз. Биринчиси – бул өзүмчүлдүк, чыгымдуу жол. Экинчиси – азыркынын бир бөлүгүн биздин балдарыбыздын жаркын келечеги үчүн курмандык кылууга чакырган байыркы каада-салттардын жаралуусу. Экинчи жолду тандоо акыл-эстүү болууга мүмкүнчүлүк берип, жаны билимдерди, эн башкысы жаны баалуулуктарды талап кылат» деп белгилейт [3].

Табият чөйрөсү менен этноэкологиялык каада-салттардын ортосундагы өз ара байланыштын манызын ачып берүүдо, алардын көп түрдүүлүгү материалдык маданияттын негизги түрлөрү менен катар, адамдар менен табияттык чөйрөнүн экологиялык бирдиктүү иш-аракеттериндеги жашоо-тиричиликти камсыз кылууда жана жаратылышты пайдаланууда катышуучу руханий маданияттын компоненттери камтылат (алардын тузумуно билимдер менен тажрыйбаларды өткөрүп берүү механизминин курамдык бөлүктөрү болуп эсептелген көптөгөн диний көрсөтмөлөр жана эрежелер, нормалар, фольклор, мифтер ж.б.у.с. таандык болушу ыктымал). Андыктан аталган процесстер, экологиялык көз караштарды, баалуулук көрсөтмөлөрдү калыптандыруу менен, социотабияттын динамикалуу жана гармониялуу өнүгүүсүн, анын өз ара байланышын ачып берүүсун багыттай алышат. Алар адамдардын экологиялык дүйнө көз караштарынын маанилүү булагы катары табият чөйрөсүнө болгон руханий-нравалык мамилесин андап билүүнүн ыкмасын аныктайт. Бул жерде этноэкологиялык каада-салттар, этностун жашап турган жери, чойросу менен болгон жашоо-тиричиликти камсыздоочу байланыш системасы катары жана айлана-чөйрөнү бирдиктүү, толук негизде таануусуна көмөктөшүүсү алардын дүйнө таанымынын мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп эсептелинет. Демек, курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүүгө, сактоого жана жалпы эле аны калыбында кармап турууга багытталган жалпы адамзаттык жаңы дүйнө көз караштык багыттарды калыптандыруу – азыркы мезгилдеги экологиялык маданияттын бирден-бир маанилүү милдеттеринен. Андыктан уникалдуу этноэкологиялык каада-салттарды экологиялык маданиятка трансформациялоонун негизги жолдору катары жана социотабияттык бирдиктүү иш-аракеттер процессиндеги топтолгон билимдерди, элестөөлөрдү, дүйнө көз караштарды өздөштүрүү адамдардын турмуштук болмушунун өзү жана алардын экологиялык багыттагы ишмердүүлүгү эсептелерин баса белгилөө зарыл.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, этноэкологиялык каада-салттар руханий жашоонун бирден-бир башкы курамдык бөлүгүнө, элдин адеп-ахлагына айлануу менен бардык этникалык руханий маданияттын өнүгүүсүнүн структуралык түзүүчү тарабы болуп эсептелинет. Алар этностун уникалдуу өзгөчөлүктөрүн жана алардын табият менен болгон байланыштарын чагылдыруу менен этномаданияттын жана дүйнө көз караштык түзүлүштөрдүн, элдин салттуу баалуулуктарынын калыптануусунун негизи болуп эсептелет. Өзүнө элдердин социомаданий тажрыйбасын топтоо, аккумуляциялоо, трансляциялоо

процесстерин камтыган жана адамдар менен табияттык чөйрөнүн бирдиктүү иш-аракеттериндеги нормативдик-жөнгө салуучу функцияны аткарган этноэкологиялык каада-салттарга таандык болгон бирден-бир маанилүү касиет – алардын социомаданий өнүгүүсүндөгү социотабияттын диалектикалык биримдиги болуп эсептелет. Тилекке каршы, азыркы мезгилдеги татаал экологиялык кырдаал шартында этноэкологиялык каада-салттардын баалуулуктарына болгон көнүл коштук олуттуу экологиялык кесепеттерге алып келет. Андыктан коомдогу экологиялык маданияттын калыптануусунда анын мазмуну менен формаларын кылымдар бою түзүлүп, муундан-муунга берилип келген ылайыктуу элдик экологиялык каада-салттарды эске алуу менен тандоо максатка ылайыктуу.

Белгилуу советтик этнограф Ю. Б. Бромлей өзүнүн «Очерки теории этноса» аттуу эмгегинде белгилеп кеткендей, этностор менен табияттык чөйрөнүн тарыхый өнүгүүсүндөгү карым-катнаштар белгилүү бир бүтүндүк системада, б.а. этноэкологиялык системада болуп өткөн» [4]. Аталган өнүттө В.Н.Мангасарян этностордун тарыхый топтолгон экологиялык тажрыйбасы туруктуу локалдык конфигурацияга ээ болуп, негизинен этномаданий каада-салттарда колдонулгандыгын белгилеп кеткен [5]. Ошондуктан биздин пикирибизде этноэкологиялык каада-салттар байланышкан этномадантияттын экологиялык компоненти болуп эсептелинет. Алар адамзат ишмердүүлүгүндо экосистеманы сактоого жана өнүктүрүүгө багытталган этномаданияттын экологиялык функциясын аткаруу менен бирге жашоо-турмуштун туруктуу системасына колдоо көрсөтүү үчүн зарыл шарттарды түзот. Демек, социум менен табияттык чөйрөнүн ортосундагы карама-каршылык курчуп турган азыркы шартта этноэкологиялык каада-салттардын бардык функциялары, адамдардын социалдык-экологиялык тажрыйбасынын элементтеринин ырааттуулугун, берүүсүн жүзөгө ашырып, коом менен инсандын экологиялык маданиятына трансформациялануусу керек. Алар белгилүү бир тарыхый доордо курчап турган чөйрө менен болгон өз ара карым-катнаштагы эрежелер, көрсөтмөлөр жана нормалар, тыюу салуулар түрүндө жүзөгө ашырылуусу менен руханий жана материалдык маданиятка, экологиялык дүйнө таанымга, адамдын жашоо ишмердүүлүк мейкиндигинин түзүмдөшүүсүнө таасирин тийгизет. Ошондуктан аталган процесстер экологиялык маданияттын калыптануусунда маанилүү ролду ойноосу абзел.

Зор маанилуулук менен белгилей кетүүчү нерсе, этноэкологиялык каада-салттар жана алардын социотабияттык системанын тен салмактуу өнүгүүсүн камсыз кылуучу баалуулуктары номаддык цивилизациянын бир бөлүгү болгон биздин эл үчүн өзгөчө актуалдуулукка ээ болушат. Алсак, алар этноэкологиялык системада, б.а. элдердин курчап турган чөйрө менен бирдиктүү иш-аракет процессинде пайда болгон социотабияттык комплексинде болуу менен, тарыхый-маданий формаларга, этносоциалдык коомчулуктардын курчап турган чөйрө менен болгон туруктуу байланыштарын уюштуруу ыкмаларына ээ болуп, элдердин жалпы жана озгочо белгилерин бөлүп көрсөтүүгө шарт түзөт. Ошону менен бирге эки жактуу таасирдин жолдорун аныктап, алардын өзгөчөлүктөрүн, өз алдынчалуулугун ачып берип, нравалык экологиялык өздүк ан-сезим жана табият менен коомдун өз ара байланышын жөнгө салуу маселелерин чечүүгө шарт түзөт. Ошондуктан элдин этноэкологиялык каада-салттарынын көрсөтүлгөн, топтолгон, ыргалган баалуулуктарын, биздин пикирибизде, жаны экологиялык багыттагы коомду калыптандыруудагы келечектүү мүмкүнчүлүктөр үчүн кийинки муундарга жайылтуу зарыл. Аталган маселе боюнча Э. С. Маркарян акыйкат белгилегендей, «маданий каада-салттардын динамикасын башкаруу искусствосуна ээ болуу процессинде гана азыркы мезгилдеги кризистик экологиялык кырдаалдын бирден-бир негизги себептерин багындырууга мүмкүн болот» [6]. Ушуга байланыштуу биздин шарттарда

этноэкологиялык каада-салттарды пайдалануу экологиялык маданиятты кыйла жогорку денгээлде калыптандырып, экологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө шарт түзуу менен, экологиялык кризистин терендеп кетүүсүн токтотууга мүмкүндүк берет.

Тарыхтын изи корсоткондой этнос өзүнүн өнүгүү процессинде өзүнө таандык мыйзамдар менен эрежелер системасын түздү, анын негизинде көптөгөн муундар табиятка болгон өзүлөрүнүн функцияларын жүзөгө ашырган. Бул өнүттө коомдун экологиялык маданиятынын калыптануусунун негизги милдеттери субъект (адам, коом) менен объекттин (табият) диалектикалык өнүгүүсүн максаттуу жүзөгө ашыруу зарыл экендигинде турат жана азыркы муун өзүлөрүнүн ата-бабаларынын даанышмандыгын таанып билүүсү, жашоо-турмуш менен табияттык чөйрөнүн өнүгүүсүнүн ортосундагы тыгыз байланышты түшүнүүсү керек. Белгилеп кетүүчү нерсе, табият менен коомдун гармониялуу өнүгүүсүнүн социомаданий механизмдерин изилдоо көрсөткөндөй, этноэкологиялык каада-салттар билимдердин топтолуусун жана табият менен болгон баарлашууну жөнгө салып, ага гумандуу мамиле кылууга үйрөтүп, салттуу этномаданияттын жаны маданиятка, б.а. табияттык чөйрөгө болгон руханий-нравалык мамилени аныктаган экологиялык маданиятка трансформациялануусуна таасирин тийгизет.

Бул жаатта Кыргызстан калкынын экологиялык дүйнө көз карашынын диалектикасында анын туруктуу өнүгүүсүнө өтүү шарттарында төмөнкүдөй түрдүү тенденциялар байкалат: коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүн экологиялаштыруу жана гумандаштыруу, этникалык каада-салттардын аксиологиялык мазмунунун өнүгүүсү ж.б. Алар экологиялык маданият, экологиялык билим берүү жана тарбия менен биргеликте социумдардын (жалпы коомдун) табияттык бүтүндүккө болгон коэволюциялык өнүгүүсүн шарттайт. Андыктан алардын диалектикасын ачып берүү табият менен коомдун бирдиктүү оз ара аракеттешуу процессин оптимизациялоого шарт түзөт. Бул коомдун, адамдын экологиялык маданиятынын түздөн-түз максаты болуп эсептелинет. Демек мындан кылымдар бою калыптанып калган белгилүү бир системанын принциптери менен жүрүм-турумдук нормалары адамдын, коомдун жана табияттын өз ара карым-катнаштарынын гармониялашуусунун негизи болгон экологиялык маданияттын калыптануусуна түздөн-түз таасир тийгизери талаш туудурбайт. Өз кезегинде жашоо ишмердүүлүктүн салттуу негиздери менен принциптерин изилдөө аркылуу экологиялык маданияттын калыптануусу – этномаданиятты сактоонун бирден-бир ыкмасы жана ал экологиялык көйгөйлөрдү чечүүнү жөнгө салып эле тим болбостон, коомдун руханий-нравалык маселелерин да чечүүсу керек.

Жогоруда айтылгандарга ылайык, экологиялык элестөөлөр менен этноэкологиялык каада-салттар ыраатуулук принцибин сактоо менен экологиялык маданияттын көрүнүшү жана элементи катары эсептелет. Алар өзүлөрүнүн манызынын диалектикалуулугу, карама-каршылыктуулугу менен экологиялык таанымдын татаал объектилери катары кызмат кылышат. Алардын маанилуулугу муундан-муунга баарлашууну өткөрүп берүүнүн өзгөчө каражаты катары элдин өнүгүүсүнүн тарыхый этаптарында иштелип чыккан экологиялык баалуулуктарды, билимдерди, жөндөмдөрдү, тажрыйбаларды өткөрүп берүүнүн ыкмасы, методу жана каражаты катары жалпы маданияттын зарыл болгон экологиялык түзүүчүсү болуп эсептелүүсү керек. Аны менен бирге алар адамдардын экологиялык маданиятынын жаны денгээлин калыптандырууга шарт түзүп, биздин өлкөнүн коомунун туруктуу өнүгүүсүнө туртку берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Элжан К. У., Габитов Т. Х. «Человек-мир» в контексте национальной идеи казахов // Материалы международной научно-практической конференции (Алматы, 27 мая 2011 г.). - Алматы, 2011. 139–151-бб.
2. Гердер И. Г. Идеи к философии истории человечества. - М.,1977. 252-б.
3. Моисеев, Н. Н. Избранные труды. В 2-х томах. Т. 2. Междисциплинарные исследования глобальных проблем. Публицистика и общественные проблемы. - М.: Тайдекс Ко, 2003. - 264 б.
4. Бромлей Ю. В. Очерки теории этноса. - М., 1983. 212–232-бб.
5. Мангасарян В. Н. Экологическая культура общества. - СПб.,2009. –112 б.
6. Маркарян Э.С. О значении междисциплинарного обсуждения проблем культурной традиции // Советская этнография. 1981.- №3. 59-71-бб.

**Рецензент: филос.и.к., профессор Козубаев О**

УДК: 101.316.48
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-74-79

**Качкынова Аида Турдубековна**
Ж.Баласагын атындагы КМУнун философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын ага окутуучусу
**Качкынова Аида Турдубековна**
старший преподаватель КНУ им.Ж.Баласагына кафедры философии, теории и истории культуры
**Kachkynova Aida Turdubekovna**
Kyrgyz National university named after Zh. Balasagyn department of philosophy, theory and history of culture
**e–mail:** kachkynova.aida@mail.ru

# КОНФЛИКТ МАСЕЛЕСИНИН ТАРЫХЫЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК ЧЕНЕМИ
# ИСТОРИКО-ФИЛОСОФСКИЕ НОРМЫ КОНФЛИКТА
# THE CONFLICT HAS HISTORICAL AND PHILOSOPHICAL DIMENSION OF THE PROBLEM

**Аннотация:** Социалдык конфликтер коомдук мамилелердин түзүлүшүндө өзгөчө орунду ээлейт жана жеке инсандын, жалпы коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн бардык жагына маанилүү таасирин тийгизет. Аталган макалада ааламдашуу шартындагы социалдык конфликттердин коомдогу орду каралып, философиялык ойлордун маанисин ачып, анализ жүргүзүлөт.

**Ачкыч сөздөр:** Ааламдашуу, социалдык конфликтер, конфликт концепциялары, позициялар, конфликтин булактары, конфликтин өбөлгөлөрү, трансформация.

**Аннотация:** Социальные конфликты занимают особое место в структуре общественных отношений и оказывают существенное влияние на все стороны жизни человека и общества в целом. В данной статье рассматривается роль социальных конфликтов в обществе в условиях глобализации, анализируется и раскрывается значение философских идей.